## 32-БӨЛҮМ

# Акыл-эс өрчүү артта калуу

## Даун синдрому, гипотиреоз жана башка себептери

Акыл-эс өрчүү артта калуу – баланын интеллекти өрчүүсү артта калуу. **Мындай бузулуусу бар бала жаңы нерселерди курагындагы башка балдарга салыштырмалуу жайыраак үйрөнөт.** Кыймылдоо, күлүү, ар кандай нерселерге кызыгуу, алакан-манжаларын пайдалануу, отуруу, басуу, сүйлөө жана түшүнүү сыяктуу негизги делген ык-жөндөмдөрү кеч калыптана баштайт. Же болбосо, бул ык-жөндөмдөрдүн кээ бирлери тезирээк, ал эми калгандары жайыраак өрчүшү мүмкүн.

Акыл-эс өрчүүсү артта калуусунун даражасы жеңилден баштап оорго чейин болушу мүмкүн. **Жеңил даражадагы мындай бузулуусу** бар бала белгилүү бир ык-жөндөмдөрдү жайыраак өздөштүрөт. Бирок башкалардын жардамы менен ал өзүн тейлегендей жана коомчосунун турмушуна жигердүү жана жоопкерчиликтүү катышкыдай деңгээлге өрчүп жете алат. Оор даражадагы мындай бузулуусу бар бала чоңойгондо деле, акыл-эси өрчүүсү боюнча ымыркайдын же жаш баланын деңгээлинде калышы мүмкүн. Мындай бала башкалардын ага бөтөнчө кам көрүүсүнө дайыма муктаж болот.

Мындай интеллект бузулууларын айыктыруу мүмкүн эмес. Бирок **мындай көйгөйлүү балдардын бардыгына тезирээк өрчүүсүнө жардам берсе болот. Мындай атайын жардамды жана "түрткүлөөнү" канчалык эрте баштаса, бала ошончо көбүрөөк ык-жөндөмдөргө ээ болот.**

**МААНИЛҮҮ!** Биз бул бөлүмдө **интеллект бузулууларына алып келүүчү себептер**дин айрымдарын карап, кеңири тараган 2 түрүнө (Даун синдрому жана гипотиреоз) кыскача токтолобуз. Бирок **интеллект бузулуулары балдардын акыл-эси жай өнүгүүсүнө алып келүүчү себептердин бири гана экенин эстен чыгарбашыбыз керек.** Мисалы, көзү сокур балага кошумча көмөк жана колдоо көрсөтүлбөсө, ал ар кандай нерселерге өз алдынча колун сунуп жетүүнү жана ары-бери которулганды көпкө чейин үйрөнө албай кыйналат. Дүлөй балага сүйлөөдөн башка жолдор аркылуу башкалар менен "сүйлөшүүнү" үйрөнүүсүнө жардам берилбесе, ал башкалар менен катнаша албай кысталат. Ушул сымал физикалык **мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелүү** балдар көп учурда денесин жана акылын жакшы пайдалана албай кыйналышат. Акыл-эс өрчүү артта калуу көйгөйү адамдын ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин көпчүлүгүн коштоосу кадыресе көрүнүш болгондуктан, китепте биз ага өзүнчө бир нече бөлүмдү арнадык.



Башкалардын көмөгү менен, интеллект бузулуусу бар балдардын айрымдары окуганды, жазганды жана дени соо балдар кылган нерселердин далайын өздөштүрө алышат. (Сүрөттө Даун синдрому бар, Индонезиялык бала жазганды үйрөнүп жаткан учуру көрсөтүлгөн. Автору Каролин Ватсон, Христиандык балдар фонду.)

**Интеллект бузулуулары бар** же өнүгүүсүндө башка тоскоолдуктарга тушалган **балдарга жардам берүү тууралуу маалыматтар** 34–40-бөлүмдөрдө келтирилген. 34- жана 35-бөлүмдөрдө баланы эрте өнүктүрүү жана анын баштапкы ык-жөндөмдөрдү (сезүү органдарын пайдаланганды, ары-бери которулганды жана башкалар менен катнашууну) өздөштүрүүсүнө жардам берүү же "түрткүлөө" жолдору, ал эми 36–39-бөлүмдөрдө өзүн тейлөөнү (өз алдынча тамактанууну, кийинүүнү, даараткананы пайдаланганды жана киринүүнү) балага үйрөтүү ыкмалары талкууланат. 40-бөлүм **баланын жүрүм-туруму** жана жаңы нерселерди өздөштүрүүсүнө жардам берген жүрүм-турумду карманууга баланы кызыктыруу жолдору тууралуу маалыматка арналган.

Интеллект бузулуулары бар балдарга жардам берүү боюнча дагы башка маалыматтар "БАЛА балага" программасы" деп аталган бөлүмдүн 442–445-беттеринде келтирилген. Интеллект бузулуулары бар балдар жыныстык жактан жетилгенде пайда болуучу муктаждыктар жана көйгөйлөр тууралуу 52-бөлүмдүн 495-бетинен караңыз.

Бул китепте мыктыраак каралбай калган маанилүү муктаждыктардын бири – **интеллект бузулуулары бар балдарга билим берүү** маселеси. Билим берүү боюнча айрым сунуштар 53-бөлүмдө талкууланат. Бирок көп учурда атайын үйрөтүү ыкмалары жана материалдары зарыл болот. Бул максатта *Special Education for Mentally Handicapped Pupils* (Интеллект бузулуулары бар окуучулар үчүн атайын окутуу программасы) деп аталган сонун китепти сунуш кылабыз (640-бетти караңыз). Баланын жаңы нерселерди өздөштүрүүсүнө жардам берүүчү оюнчуктар тууралуу маалымат 49-бөлүмдө келтирилген.

# АКЫЛ-ЭС ӨРЧҮҮ АРТТА КАЛУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ

Мунун себептери көп.

- Көп учурда себеби белгисиз бойдон калат.
- Айрым балдар өтө **кичинекей мээ**лүү болуп төрөлүшөт, же алардын мээси башкалардыкындай өспөйт же иштебейт.
- Кээде **"хромосомдордо"**, башкача айтканда, бала кандай өрчүп калыптанарын аныктоочу көрсөтмөнү (тукуч куучулук) алып жүрүүчү көзгө көрүнгүс, абдан кичинекей материалда ката пайда болот. Мисалы, ушундай көрүнүш Даун синдромуна мүнөздүү.
- Кээде болочок эне кош бойлуу кезинде тамак менен **белгилүү бир азык заттарды же минералдарды жетишсиз көлөмдө алып калган**дыгына байланыштуу болот (гипотирез, 282-бетти караңыз).
- Кээде, төрөткө чейин, төрөт учурунда же төрөттөн кийин **мээ жабыркап калышы** мүмкүн. Мындай кокустукка дуушар болгон балдарда интеллект бузулууларынан тышкары церебралдык шалдык, сокурдук, дүлөйлүк же талма орун алышы ыктымал. Мээни жабыркатып, интеллект бузулууларына алып келүүчү көп учураган себептер 9-бөлүмдө талкууланат. Алардын ичинде:
  - кош бойлуулуктун баштапкы мезгилинде пайда болгон **кызамык;**
  - балдарда көбүнчө кичинекей кезинде бактериядан, кургак учуктан же безгектен улам болуучу **менингит** (мээ чел кабыгынын инфекцияланышы);
  - **гидроцефалия**, көп учурда жүлүн чуркусу менен коштолот (169-бетти караңыз);
  - **баштын жаракаттары**;
  - дагы **башка себептери: мээ шишиги**; коргошундан, пестициддерден (15-бетти караңыз), кээ бир дарылардан жана азыктардан **ууланууу**; чиркейлер таратуучу Зика вирусун жуктуруу; **булчуңдар дистрофиясынын** же атрофиясынын айрым формалары (110-бетти караңыз).




**Микроцефалияга** дуушар болгон (мээси кичинекей) баланын интеллекти бузулуп, анда көп учурда көрүүсүнө, угуусуна байланыштуу же буга окшогон башка физикалык көйгөйлөр калыптанат. Башты ченөө тууралуу маалыматты 41-беттен издеңиз.

Дүйнө жүзүнүн көптөгөн жерлеринде, интеллект бузулууларына алып келүүчү себептердин эң көп учурагандарына мээ жабыркоо жана Даун синдрому кирет. Бирок кээ бир тоолуу аймактарда мындай көйгөйлөрдүн пайда болуусуна тамакта жана сууда **йоддун жетишсиздиги** басымдуу учурларда себеп болот (282-бетти караңыз).

**Негизи, интеллект бузулууларын дарылап айыктыруу мүмкүн эмес.** Андыктан, көпчүлүк учурда анын так себебин билүүнүн зарылчылыгы деле жок. Андан көрө, мындай көйгөйү бар балага, мүмкүн болушунча өнүгүп өрчүүсү үчүн, жардамыбызды аябашыбыз кажет. Бирок кээ бир учурларда айрым дарылар, тамактануу түрүн өзгөртүү же белгилүү бир заттардан андан ары ууланууну токтотуу сыяктуу нерселер абдан пайдалуу болушу мүмкүн. Эгер балада гипотиреоздун белгилери байкала баштаса же анын интеллектуалдык жөндөмдөрү бара-бара начарлап баштагандай сезилсе, адиске кайрылып, андан медициналык кеңеш алууга аракет кылыңыз.

**Интеллект бузулууларынын алдын алуу иш-чаралары** мындай бузулууларга алып келүүчү ар түрдүү себептери менен чогуу талкууланат. Айрыкча церебралдык шал ооруга (107-бет), Даун синдромуна (281-бет) жана гипотиреозго (282-бет) арналган маалыматтарды караңыз.

## ПСИХИКАЛЫК БУЗУЛУУЛАР

Айрымдар интеллект бузулууларын психикалык бузулуулар менен алмаштырышат. Бирок бул экөө эки башка бузулуу. Психикалык бузулуусу бар адамдын интеллекти нормалдуу же жогору болушу мүмкүн, ал жогорку билимдүү да боло алат. Бирок кээде, стресске бай жагдайлардан же мээге таасир этүүчү кандайдыр бир оорудан анын жүрүм-туруму демейкиден бир бөтөнчө болуп өзгөрүп кетет. Интеллект бузулуусу бар адамдын жүрүм-туруму демейкиден бөтөнчө болсо, бул көбүнчө ал өзүн туура алып жүргөндү алигиче үйрөнүп албагандыгынан улам болот. Аны буга үйрөтүү зарыл. Ал эми психикалык бузулуусу бар адамга атайын жардам, балким, психиатрдын көмөгү керек. **Психикалык бузулууларды кадимки оорулардай эле кароо зарыл. Психикалык бузулуусу бар адамдар көп учурда өздөрүнүн кызыктай жүрүм-турумун башкарууга жөндөмсүз болушат. Аларды бул үчүн күнөөлөө же жазалоо туура эмес. Мындай адамдарга түшүнүү менен мамиле кылып, аларды мээрим, камкордук коргоо менен курчашыбыз керек.**

# ДАУН СИНДРОМУ

"Даун синдрому" деп аталган дарт көптөгөн аймактарда интеллект бузулууларынын эң көп учураган түрү болуп саналат. Мындай балдар денесин жана мээсин мыктыраак пайдаланганды башка балдарга салыштырмалуу кеч үйрөнүшөт. Андан тышкары, мындай бузулуусу бар балдарга айрым физикалык бузулуулар да мүнөздүү. (Ар түрдүү белгилердин айкалышып орун алышы "синдром" деп аталат.) Эненин курсагында жаңыдан өрчүй баштаган күмөндүн "хромосомдорунда" (бала кандай өрчүп калыптанарын аныктоочу, дененин ар бир клеткасында бар материалда) ката кеткендиктен, ал туура эмес калыптанып калат.

Төмөндө **Даун синдромуна** мүнөздүү **белгилер** келтирилген (бирок мындай бузулуусу бар балдардын **бардыгында** эле булардын **баары байкала бербейт**):

- Жаңы төрөлгөндө, баланын денеси жүүнү бош, алсыз болуп сезилет.
- Бала башка ымыркайларча ыйлабайт.
- Бала оодарылганды, буюмдарды кармаганды, жаткан абалдан көтөрүлүп отурганды, сүйлөгөндү жана басканды курагындагы башка балдарга салыштырмалуу кеч үйрөнөт.
- Капыстан жерди көздөй төмөндөткөндө, бала дени соо балдарча колдорун жаюу жолу менен жооп кайтарбайт.





- Көздөр өйдөнү көздөй кыйшайып калат; кээде көздөр бир бирине багытталып чылыраюусу байкалат, же көрүү начар болот.
- Кулактар төмөнүрөөк жайгашып калыптанган болот.
- Ооз кичинекей, дайыма ачылып турат; таңдай бийик жана кууш; тил ооздон чыгып турган абалында кармалат.

- Кабагынын ички бурчу тери менен жабылып турат.
- Кабактар шишип, кызарып турушу мүмкүн.
- Каректин тегерегиндеги түстүү челде кумду элестеткен майда ак тактар көп болот. Демейде мындай тактар бала 12 айга толгуча жоголот.





- Алакандар кыска жана жазы, манжалар кыска. Чыпалак ийри же анда бир эле бүгүлүш болушу мүмкүн.
- Алаканда анын туурасынан кеткен терең бир бүгүлүш болот (кээде дени соо балдарда деле байкалат).

- Баш кыска же кичинекей, анын арткы жагы жазы жана жалпак.
- Кээде кашка жиликтер жамбаш сөөк менен болгон ашташтарынан чыгып кеткен болот.



- Бет жалпак.
- Мурун кичинекей, эки көздүн ортосу жалпак.



- Моюн кыска.
- Бүкчүйүү байкалат.
- Колу-буттар кыска.
- Тизе томугу капталына жылып кеткен абалда болот.
- Бут манжалары ичке бурулуп калат; жалпак тамандык байкалат.
- Буттун бармагы манжаларынан бир топ алыс калыптанып калат.

**Төмөнкү белгилер да байкалышы мүмкүн:**

- Чыканак, жамбаш сөөк - кашка жилик жана таман сөөк - жото жилик муундары чегинен аша бошоң жана ийилчээк болушу мүмкүн.
- Мындай кейгейү бар ар 3 баланын ичинен бирөөндө тубаса жүрөк дефекттери болот.
- Лейкемия пайда болушу мүмкүн.
- Чоңоюп калган балдардын угуусун жана көрүүсүн текшерүү зарыл.
- Ар 10 баланын ичинен бирөөнүн моюн омурткалары деформациялуу калыптанып калгандыктан, алар ордунан жылып, жүлүн каналында жаткан жүлүндү кысып калышы мүмкүн. Бул капыстан пайда болуучу же жай өрчүп күчөгөн ***шалдыкка*** же атүгүл өлүмгө алып келиши ыктымал.

## Даун синдрому жана интеллект бузулуунун башка түрлөрү бар балдарга кам көрүү

Даун синдрому бар балдардын интеллекти бузулуусу жеңил, орточо же катуу болушу мүмкүн. Айрымдар сүйлөөнү эч качан үйрөнүшпөйт. Башкалар сүйлөйт (көп учурда атүгүл ооздору тыйылбайт). Мындай балдардын көбү окуганды жана жазганды үйнөнүүгө жөндөмдүү. Даун синдрому бар балдар-кыздардын көпчүлүгү ачык чырай жана мээримдүү болушат. Аларга жакшы мамиле кылган адамдарга алар да жакшы мамиле кылышат. Атүгүл оор формадагы мындай бузулуусу бар балдарга жардам берилип, аларды үйрөтүү иш-аракеттери колго жакшы алынса, негизги муктаждыктарын өз алдынча канааттандырууну жана жөнөкөй жумушту аткарып, үй-бүлөсүнө жардам берүүнү өздөштүрүп алууга мындай балдардын жөндөмдүүлүгү жетет. Алар үй-бүлөсү менен жана коомчосунда кадимкидей эле жашай алышат.

Булар айрыкча айыл жергесинде далай маанилүү жумуштарды аткарганды үйрөнүп алышса болот. Кээде мындай балдар улам кайталанма кыймыл-аракеттерден турган жумуштарды башкалардай эле же атүгүл алардан да мыктыраак аткарышат.

Бирок Даун синдрому бар балдардын физикалык жана интеллектуалдык жактан өрчүп өнүгүүсү нормадан жайыраак болот. Андыктан ата-энелер жана буларга кам көргөндөр бардыгы мындай балдарына дайыма сабырдуу мамиле кылып, булардын интеллектуалдык жана физикалык ык-жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн, кичинекейинен тартып, колдорунан келгендин бардыгын жасоого милдеттүү. Жүрүм-турумда көйгөйлөр пайда болуусуна жеткирбөө же аларды чечүү үчүн, ата-энелер балдарына карата мамилесинде жана алардан эмнени күтөрүндө дайыма бир нукту катуу карманышы керек. Баланы мыкты аткарган иштери үчүн улам мактап, ага дем берип туруу зарыл (40-бөлүмдү караңыз).



Бир айылда Даун синдрому бар жаш жигит дарыдан суу ташып келип турат. Ал бул ишти жактырат жана аны менен сыймыктанат.

Даун синдрому бар балдардын кээ бирлери мектепте окууга жөндөмдүү, бирок ал үчүн алар кошумча жардамга муктаж. Мектеп мугалимдери булардын көйгөйүнө түшүнүү менен катышуусунун жана башка балдар мындай балдарга сый-урмат менен мамиле кылуусуна мугалимдер жардам берүүсүнүн мааниси чоң. Эгер мектепте мындай балага түшүнүү менен мамиле жана кошумча көмөк табылбаса, ал үйүнөн эле окуп, үй-бүлөсүнө үй тиричилик жана талаа иштеринде жардам бергени оң болушу мүмкүн.

Даун синдрому бар балага кам көрүүдө 3 негизги нерсеге көңүл буруу зарыл:

1. Акыл-эс жана физикалык ык-жөндөмдөрүн өнүктүрүүсүнө балага жардам берүү.
2. Баланы жугуштуу оорулардан коргоо.
3. Дене бөлүктөрү деформацияланып кетүүсүнө жол бербөө же орун алып калгандарын оңдоо.

Кийинки бетте булардын акыркы экөөсү талкууланат. Биринчиси китептин башка бөлүмдөрүндө каралат.

**МААНИЛҮҮ!** Даун синдрому же интеллект бузулуунун башка түрү бар баланы туура тарбиялоо үчүн, **баланы өнүктүрүүнү эрте баштоого жана негизги ык-жөндөмдөрдү өздөштүрүүгө арналган бөлүмдөрдүн баарын (33–41-бөлүмдөр) сөзсүз окуңуз.**



Даун синдрому бар кыз коммутациялык тактадан казыкчаларды сууруганды үйрөнүп жатат. Ал андан кийин казыкчаларды тешиктерине кайрадан киргизгенди үйрөнөт. Сүрөттүн автору Марси Джей Хансон, *Teaching Your Down's Syndrome Infant* (Даун синдрому бар ымыркайга зарыл ык-жөндөмдөрдү үйрөтүү) аттуу китептен алынган.

## Инфекциялык оорулардын алдын алуу



Даун синдрому бар балдар башка балдарга салыштырмалуу көбүрөөк оорушат. Мындай балдарда суук тийүү тез башталат, бронхит, пневмония жана башка жугуштуу оорулар тез өрчүйт. Андыктан булардын ден соолугун коргоо айрыкча мааниге ээ.

- Балага **эмчек эмизип тамактандырууну** мүмкүн болушунча созуңуз. Эмчек сүтүндө балага түрдүү инфекциялар менен күрөшүүгө жардам берүүчү "антителолор" болот. (Эгер бала эмчекти жакшы эме албаса, эмчектен сүттү таза идишке сарыктырып, балага кашык же башка ылайыктуу ыкманын жардамы менен бериңиз.)
- Башка ымыркайлардай эле, 6 айынан баштап, ага мөмө, буурчак, жумуртка, күрүч сыяктуу азыктарды бере баштаңыз, ошол эле убакта, эмчек эмизүүнү да токтотпоңуз. (Башка ымыркайлардай эле, Даун синдрому бар баланы ай сайын ден соолук борборуна алпарып, салмагы нормадагыдай көбөйүп жатканына ынануу үчүн, аны өлчөтүп туруңуз.)
- **Эмдөө** баланы кичинекейинде коштоочу оорулардын көбүнөн сактай алат. Эгер Даун синдрому бар бала кызылча же көк жөтөл оорусун жуктурса, пневмония оорусу тез өрчүшү мүмкүн.
- **Медициналык жардамды талап кылган жагдайда зарыл чараларды эртелеп көрө баштоо.** Эгер баланын тамагы же кулагы ооруй баштаса, же ал катуу жөтөлө баштаса, аны коомчоңуздагы медициналык-санитарды кызматчыга мүмкүн болушунча тезирээк жеткириңиз.

## Бут кетмендеринин деформацияланауусуна жана башка көйгөйлөрүнө ЖОЛ БЕРБӨӨ

- Жаңы төрөлгөн балдардын **кашка жиликтери жамбаш сөөк менен ашташтарынан чыгып кеткен-кетпегенин** текшериңиз. Бул аларды тезинен ордуна коюу үчүн керек (155-бетти караңыз).
- Эгер бутундагы бармагы сыртын көздөй бурулуп калса,



аны калган манжаларына жанаштырып бекем кармоочу бут кийимди колдонбоңуз.




Андан көрө теннистик же ага окшогон башка жумшак бут кийимди же үстү ачык бут кийимди балага кийгизүү дурусураак.



Буттун бармагы сыртын көздөй катуу бурулуп калганда, муну кээде хирургиялык операциянын жардамы менен оңдоого болот. Ошондон кийин бут кийимдер эч көйгөйсүз батып калат.

- Эгер баланын тамандары **өтө** жалпак болсо, атайын батектер жардам бериши мүмкүн (118-бетти караңыз).
- Эгер баланын алакан-манжаларында, бут кетмендеринде же денесинин башка бөлүгүндө шалдык пайда болсо же сезгичтик жоголо баштаса, ортопед же нейрохирург менен кеңешиңиз.

## Даун синдромунун АЛДЫН АЛУУ

Ар 800 баланын ичинен бирөө Даун синдрому бар болуп төрөлөт. Мындай балдар 35 жаштан өткөн аялдардан көбүрөөк төрөлөт. Аялдар 35 жаштан кийин боюна бүтпөй эле коюуну үй-бүлөсү менен чогуу ойлонуштуруп көрүшсө болот (*"Үй-бүлөнүн ден соолугу үчүн"* деп аталган китептин 20-бөлүмүн караңыз). Эгер буга чейин жубайлардан Даун синдрому бар бала төрөлгөн болсо, кийинкисинин дагы ушундай илдети бар болуп төрөлүү ыктымалдыгы көбүрөөк (болжол менен ар 50 баланын бирөө).

Кээ бир өлкөлөрдө кош бойлуулуктун болжол менен 4-айында балада Даун синдрому бар же жогун аныктоо үчүн атайын тесттен (амниоцентез) өтсө болот. Эгер мындай текшерүүдөн кийин балада Даун синдрому бар деп табылса, үй-бүлө бойдон алдырууну караштырып көрүшсө болот.

# ГИПОТИРЕОЗ

Гипотиреоз – денеде калкан сымал безинин гормондору узак убактылуу жетишсиздигинен улам баланын акыл-эс жана физикалык өрчүүсү артта калуусу менен мүнөздөлгөн бузулуу. Калкан сымал бездин гормондору баланын бүтүндөй денесинин өсүүсүн жана анын ар кайсы бөлүктөрүнүн иштөөсүн жөнгө салат. Буларсыз денедеги тиричиликтин баары жай жүрөт.

Бул гормондорду моюндун алдынкы бөлүгүндө орун алган без иштеп чыгарат. Аталган гормондорду өндүрүү үчүн, денеге йод керек. Көпчүлүк йодду суу жана тамак менен кошо алышат. Бирок айрым, өзгөчө тоолуу аймактарда жердин, суунун жана азыктардын курамында йод өтө аз. Йодду алууну көбөйтүү үчүн, бул без кээде өтө чоңоюп кетет. Сыртынан караганда, бул шишик түрүндө көрүнөт жана богок деп аталат.




Йоддун жетишсиздигинен көп адам богок менен ооруган мындай аймактарда гипотиреоз деген илдет көп учурайт. Бул аймактарда жашаган далай балдардын **кулактары жакшы укпайт,** же мындай балдардын **акыл-эсинин өрчүп өнүгүүсү артта калат.** Гипотиреозго мүнөздүү белгилердин бардыгы байкалбаса да, мындай абалдардын себеби так ушул бузулуу эле болушу мүмкүн. Кээде, богок көп кездешпеген аймактарда гипотиреоз йоддун жетишсиздигинен эмес, башка себептерден улам пайда болот.

**БЕЛГИЛЕРИ.** Төмөндөгү тизмекке гипотиреоздун ага мүнөздүү кээ бир белгилерин келтирип, аларды Даун синдромунун белгилери менен салыштырдык. Бул эки бузулуунун окшоштуктары бар. Көпчүлүк учурда, жаңы төрөлгөн балада гипотиреоз бузулуусу бар же жогун айтуу кыйын. Мындай бузулуусу бар бала көпчүлүк учурда кадимкидей – чоңдугу нормалдуу эле – болуп төрөлүп, бирок кийин башкалардай өсө албай калат. Тили чоң болуп калыптанып калгандыктан, бала тамактана албай же дем ала албай кыйналышы мүмкүн, же андан демейдегидей эмес, катуу добуштар чыгышы ыктымал. Мындай бала аз кыймылдап, аз ыйлайт. 3–6 ай аралыгында баласы эч нерсеге кызыгуусу жоктой көрүнүүсүнөн, өтө көп уктай берүүсүнөн жана өнүгүп өрчүүсү бардык багыттарында артта калуусунан улам энеси чочулай баштайт.

| ГИПОТИРЕОЗДУН белгилери | ГИПОТЕРИОЗДО да, ДАУН СИНДРОМУНДА да байкалуучу белгилер | ДАУН СИНДРОМУНУН белгилери (гипотиреоздун белгилеринен айырмалоо үчүн эң пайдалуулары) |
|---|---|---|
| <br>• чекедеги чач башталган жер төмөн;<br>• кабактар шишип калгансыйт;<br>• эки көздүн ортосундагы мурундун бөлүгү жокко эсе (жалпак);<br>• бет, алакан-манжалар жана бут кетмендери шишип калгансыйт;<br>• бул жер майга толуп шишип калгансыйт;<br>• бала абдан жай өсөт; бою курагындагы башка балдардыкына салыштырмалуу өтө эле кыска;<br>• ич катуу көп болот (бала бир нече күндөп заңдай албай кыйналышы мүмкүн);<br>• көп учурда кулактар жакшы укпайт;<br>• Бала чоңойгон сайын, тизе муундарынын көлөмү чоңоюп, алар оорута баштайт.<br>• дене табы нормадан төмөн;<br>• тери калың, кургак, муздагыраак. | • акыл-эс жана физикалык өнүгүү начар;<br>• эки көз бир биринен алыс орун алган;<br>• бет тегерек, көз караш мааниси жоктой;<br>• тил дайыма оозунан чыгып калат;<br>• моюн жана колу-буттар кыска; алакан-манжалар кыска, туурасы жазы;<br>• курсак чоң, ал эми омуртка тутумунун бел бөлүгү алдыга чегинен аша ийилип турат;<br>• киндик көп учурда чуркуюп калат.<br> | • чекедеги чач башталган жер нормадан жогору;<br>• көздөр кыйшайып, алардын ички бурчтарын тери жаап турат.<br>Башка белгилерин 279-беттен караңыз.<br> |

**ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?** Баланы **тиреоиддик гормон дарылары** менен узак убактылуу дарылоону эрте баштоо аркылуу денесинин өсүүсүн жана физикалык келбетин жакшыртып оңдоого, мындан тышкары, кээде акыл-эси өрчүүсү артта калуусун азайтууга же анын алдын алууга болот. Эң мыкты натыйжаларга жетүү үчүн, мындай дарылоону баланын өмүрүнүн биринчи айынан тартып баштоо зарыл. **Балада гипотиреоз бар болуш керек деп шек санар замат, доктурга кайрылып, андан кеңеш издеңиз.**

Акыл-эс жана физикалык өнүгүүсүнө жана негизги ык-жөндөмдөрдү өздөштүрүп алуусуна балага жардам берүү үчүн, 34–41-бөлүмдөрдү окуп, баланын муктаждыктарын канааттандырууга жардам бере турган андагы кеңештерден пайдаланыңыз. Дарылоосу эрте башталып, өнүгүп өсүүсү адегенде пландалып, анан системдүү түрдө ишке ашырылганда, гипотиреозу бар балдардын көбү өздөрүн тейлегенди жана коомчосунда жөнөкөй бирок маанилүү иштерди аткарууну үйрөнүп кетүүгө жарашат. Ич катууну дарылоо тууралуу 212-беттен караңыз.

**ГИПОТЕРИОЗДУН АЛДЫН АЛУУ:** Богок көп учураган аймактарда йоддолгон тузду тамакка пайдаланууга элди үндөп чакыруу аркылуу гипотиреозду (жана дүлөйлүктү) кескин түрдө азайтууга болот.